# Занеле Ситу: менин жеңишим



Автор: Лиз Спарг

Сүрөтчү: Жесси Брейтенбаг

Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

# Занеле Ситу: менин жеңишим

Автор: Лиз Спарг
Сүрөтчү: Жесси Брейтенбаг
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021


Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org /licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

*Zanele Situ: MyStory*, Copyright © 2014, Liz Sparg, Jesse Breytenbach, Andy Thesen, and bookdash.org түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0. This work is licensed under a Creative Commons Attribution (CC-BY) Version 3.0 Unported Licence Disclaimer: You are free to download, copy, translate or adapt this story and use the illustrations as long as you attribute or credit the original author/s and illustrator/s лицензиясы негизинде лицензияланган.
"Занеле Ситу: менин жеңишим" (кыргыз тилинде), автор Лиз Спарг, сүрөтчү Жесси Брейтенбаг, Талгат Деркенбаев тарабынан которулуп адаптацияланган. Book Dash ©2014 CC BY 3.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://bloomlibrary.org /browse/detail /kxS1WhIY3v ?search=Zanele%20Situ&lang=en& langname=English


Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Мен Чыгыш булуңундагы Мататиле шаарында жай мезгилинде төрөлгөн экем.

Мататиле шаары Лесото падышачылыгынан анча алыс эмес жерде жайгашкан. Ал жерде бийик тоолор бар. Кышкысын тоолор ак карга оронот.



Менин атам куруучу болуп иштечү. Атамдын жумуш издегенине байланыштуу ар дайым көчүп жүрчүбүз.


Ошентип, биз Лесотого көчүп келип, мен ал жердеги мектепке бара баштадым. Билсеңер, ал учурда мен ушунчалык бактылуу элем.

Бирок мен он бирге жашка чыкканда, катуу ооруп калдым. Ошол кезде менин басуюга да дарманым келбей калды эле. Ата-энем мени ооруканага алып барышты.




Мен ооруканада жатууга аргасыз болдум. Алым такыр жок болгондуктан, көп уктайм.

Үч жылдан кийин врачтар ата-энеме мындан ары менин баспай турганымды айтышты. Мен абдан капа болдум, анткени спортту абдан сүйчүмүн.




Ошентип, мен Умтатадагы атайын мектепке бара баштадым. Бул жердеги мугалимдерим мага колунан келишинче көмөк көрсөтүштү. Биз мектепте жигердүү окуп, спорт жана кийим тигүү менен алектене баштадык.


Дем алыш күндөрү башка иштерди кылчубуз. Биз өзүбүздүн бөлмөлөрүбүздү иретке келтирип, бут кийимдерибизди жана майыптык арабаларыбызды тазалачубуз.



Мен өзүмдү кандай бийиктикке жете ала турганымды билгим келчү. Ошондуктан спорттук мелдештерге катыша баштадым. Мен ядро түртүү боюнча мелдештен коло медалды жеңип алдым. Ал эми диск ыргытуу боюнча күмүш медалдын, найзаны ыргытуу боюнча алтын медалдын ээси болдум.



Мен өзүмө жаккан спорттун түрлөрү боюнча эң алдыңкылардан болгум келип, тырышып машыга баштадым.




Эс алуу учурунда кийим тиккенди жана жан дүйнөнү эргиткен музыка укканды жакшы көрчүмүн.




Бир канча жолу мелдештерге катышып, көптөгөн байгелерди жана медалдарды жеңип алдым. Эми мен качандыр бир кездерде, Паралимпиадалык оюндарга катышууну кыялдана баштадым.

Паралимпиадалык оюндар – майыптыгы бар адамдар үчүн уюштурулган эл аралык спорттук мелдештер.




Паралимпиадалык оюндар Олимпиадалык оюндарга окшош, анда дүйнөнүн эң мыкты спортчулары алтын, күмүш, коло медалдарды жеңип алуу үчүн күрөшүшөт.

Бул оюндарга катышкан спортчулардын ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү болот. Алар тырышып машыгып, жеңүүчү болгонго аракет кылышат.



Күндөрдүн биринде 2000-жылы Австралиянын Сидней шаарында өтө турган Паралимпиадалык оюндарга катышууга бара турганым жөнүндө кабар келди.

Ошентип, биз Инд океанынын үстүндө каалгып учуп бараттык.



Биз Сиднейге жеткенде, капыстан менин бүткөн боюмду болуп көрбөгөндөй коркунуч ээледи. Бизди байкап турган адамдардан да корко баштадым. Дароо эле үйгө кайткым келип калса болобу!



Ошондой болсо да, бар кайратымды чогултуп, найзаны ыргыттым. Ал бир далай алыстыкка барып түштү. Мен ыргыткан найза баарыныкынан алыс ыргып, дүйнөлүк рекордду жаңыладым. Ошентип, мен Сиднейден алтын медалдын ээси болуп кайттым!

Паралимпиадалык оюндарда алтын медаль утуп алган алгачкы африкалык аялдардан болдум. Жеңишим менен сыймыктанып, чексиз бакытка балкыдым.



Менин урааным: Эч качан токтоп калбай, алдыга умтул! Сени бирөө коркутуп, таарынтса да, өз кыялдарыңа гана умтулуп, эч качан багынба! Мен өз кызым Амамазини да ушуга үйрөтүп келем. Ал азыр сегиз жашта. Кызым да жеңил атлетика жана гимнастика менен машыкканды жакшы көрөт.

Мен дагы да болсо машыгып, мелдештерге катышам. 2016-жылы Рио-де-Жанейродо өтүүчү Паралимпиадалык оюндарга барууга ниеттенип жатам.



Балалык курагында Занале Ситини эч качан баспайт деп айтышкан. Бирок майыптар арабасында отургандыгы үчүн эле ал бийик максатынан баш тарткан жок. Ал көп эмгек жумшап машыгып, дүйнөлүк спорттук аренада жеңүүчү болду. Мына ушул кыздын окуясы көпчүлүк үчүн шыктандыруучу баян болуп кала берет.

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ


Автор: Лиз Спарг

Сүрөтчү: Жесси Брейтенбаг

Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев



USAID "Окуу керемет!" долбоору

Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли